**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ**

**ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2022-жылдын «15» 09 №189 Бишкек шаары

**КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун №3 Директорлор кеңешинин чечимин жүзөгө ашыруу жөнүндө**

2022-жылдын 14-сентябрындагы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун №3 Директорлору кеңешинин чечимдерин жүзөгө ашыруу максатында **буйрук кылам**:

1. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлоруна республиканын калкынын арасында ММК системасы боюнча маалыматтык-түшүндүрүү ишерин жүргүзүүнүн жетишсиздиги көрсөтүлсүн.

2. ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлоруна көрсөтүлсүн:

- Ысык-Көл, Талас, Нарын, Жалал-Абад, Баткен аймактык башкармалыктарынын директорлоруна Т.И.Исаевге, У.С.Эмилбаевге, С.А.Шамеевага, А.С.Самарбековго, И.П.Салибаевге акы төлөнүүчү ММК Полистерин таркатуу боюнча жетишсиз иш жүргүзүлүп жаткандыгы үчүн;
- Баткен аймактык башкармалыгынын директоруна И.П.Салибаевге, жеңилдетилген дары-дармектерди пайдалануу боюнча жетишсиз иш жүргүзүлүп жаткандыгы үчүн.

3. Пресс-катчы С.Т.Байтикова, аймактык башкармалыктардын директорлору:

- Медиа-планын аткарылышы боюнча маалымат даярдашсын; Мөөнөтү 2022-ж. 1-октябрына чейин.
- Милдеттүү медициналык камсыздандырууну жөнүндө социалдык тармактарда түшүндүрмө иштерин жана маалыматтарды жайылтсын.

4. ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 29-декабрындагы № 1741 буйругу менен бекитилген бюджеттик программалык гемодиализ кызматын көрсөтүү боюнча Типтүү келишимге толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарын ММК Фондуна киргизсин;

- Саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызматтын сапатына балоо, экспертиза жана келишимдин индикаторлоруна мониторинг жүргүзүүнү өз убагында өткөрүүсүн камсыз кылсын. Жүргүзүлгөн эспертизанын жана мониторингдин жыйынтыгын өз убагында маалымат базасына киргизүүнү камсыз кылсын;

- 9-айдын жыйынтыгы боюнча 2022-жылга бекитилген болжолдуу планга ылайык, ММК Полисин таркатуу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн;

- Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүүсүн камсыз кылсын.

5. ММК Фондунун Бюджетти пландоо башкармалыгы (М.С.Ишеналиев), Бюджетти аткаруу башкармалыгы (Э.М.Орозалиев), Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы (А.Т.Бекебаев) жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору Саламаттык сактоо уюмдарын 2022-2023 жылдын күз-кыш мезгилине өтүүгө даярдоо боюнча иш-чаралардын планын аткарууну камсыз кылышсын.

6. ММК Фондунун Бюджетти пландоо башкармалыгы (М.С.Ишеналиев), Бюджетти аткаруу башкармалыгы (Э.М.Орозалиев), Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы (А.Т.Бекебаев) жана ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору:

- Саламаттык сактоо уюмдарынын дебитордук жана кредитордук карыздарын жабуу жана алардын пайда болушуна жол бербөө боюнча иштерин күчөтсүн;

- Бирдиктүү төлөөчү системасында ММК Фондунун эсептөөлөрү боюнча милдеттенмелердин көлөмүнөн ашкан өлчөмдөрдү эмгек акы, Социалдык фондго чегерүүлөр жана чыгымдардын башка багыттары боюнча кредитордук карыздын пайда болушуна жол бербөө менен саламаттык сактоо уюмдары тарабынан консолидацияланган бюджеттин пландуу көрсөткүчтөрдүн чегинде каралган каражаттарынын чыгымдалышына көзөмөлдү күчөтсүн.

7. БЭжОБ, БАБ, БПБ, МТКБ (А.Т.Бекебаев, Э.М.Орозалиев, М.С.Ишеналиев, Т. Мухтар улуу), ММК Полисин каражаттардын келип түшүүсүн жана эсепке алынышын ММК Полисинин жоболоруна киргизсин. Мөөнөтү: 2-айдын ичинде.

8. ММК фондунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн башчылары жана аймактык башкармалыктарынын директорлору Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруунун өнүгүү багыттар боюнча сунуш киргизишсин. Мөөнөтү 2022-ж. 1-октябрына чейин.

9. А.Б.Керимбаев, аймактык башкармалыктардын директорлору укуктук нормативдик жана ведомстволук аткыларын инвентаризациялоо жүргүзүп, сунуш киргизишсин. Мөөнөтү 2023-ж. 1-январына чейин.

10. Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы (Ж.А. Азизбекова), Эсепке алуу жана отчеттулук башкармалыгыгын башчысы (А.Т. Бекебаев), Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысы (А.Б. Керимбаев) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-февралындагы № 151 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүлөрдү киргизүү тууралуу токтомуна Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимин иштеп чыгуу камсыз кылышсын. Мөөнөтү: 2-айдын ичинде.

11. Эсепке алуу жана отчеттулук башкармалыгыгын башчысы (А.Т. Бекебаев), Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысы (А.Б. Керимбаев) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 263 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомуна өзгөртүлөрдү киргизүү тууралуу токтомуна Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечимин иштеп чыгууну камсыз кылышсын. Мөөнөтү: 1-айдын ичинде.

12. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо төраганын биринчи орун басары К.Т.Оскомбаевага жана төраганын орун басары М.Т.Шабдановго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К.Муканов**